**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ**
(Кыргыз Республикасынын ЖАКы)

**ВЫСШАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
(ВАК Кыргызской Республики)

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

**2018 ж. «31» декабря № 68** Бишкек шаары

**И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына (КММА) жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине (КРСУ) караштуу Д 14.18.582 диссертациялык кеңештин курамына айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Диссертациялык кеңеш жөнүндөгү Жобонун 12 п. ылайык 2018-жылдын 11-октябрынын №46 буйругу менен бекитилген И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 14.18.582 диссертациялык кеңешине *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жыл 30-июлундагы №425, 2015-жылдын 30-июлундагы №542, 2017-жылдын 28-февралындагы №125 токтомдорундагы редакцияларына ылайык),* Кыргыз Республикасынын президиумунун 2018-жылдын 27-декабрындагы №181 токтомунун негизинде өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү (протокол №10д/с-4/5) **буйрук кылам:**

1. И. К. Ахунбаев атындагы КММА жана Б. Н. Ельцин атындагы КРСУга караштуу Д 14.18.582 диссертациялык кеңештин курамынан 14.01.02 – эндокринология адистиги боюнча м.и.к., доц. З. Э. Абдылдаева (автореферат боюнча) чыгарылсын;
2. И. К. Ахунбаев атындагы КММА жана Б. Н. Ельцин атындагы КРСУга караштуу Д 14.18.582 диссертациялык кеңештин курамына 14.01.02 – эндокринология адистиги боюнча Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин медицина факультетинин №1 терапия кафедрасынын ассистенти м.и.к. В. Г. Князева (автореферат боюнча) медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертацияларды аныктап кароо ыйгарым укугун берүү менен диссертациялык кеңештин курамына киргизилсин жана окумуштуу катчы болуп дайындалсын;
3. И. К. Ахунбаев атындагы КММА жана Б. Н. Ельцин атындагы КРСУга караштуу Д 14.18.582 диссертациялык кеңешинин негиздөөчүлөрүнүн курамына Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министирлигинин Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту киргизилсин.

Төрайым Б. К. Тыналиева